**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ**
**ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**Кеминрайондукбилим**
**берүү бөлүмү**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ**
**И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ**
**РЕСПУБЛИКИ**
**Кеминскийрайонныйотделобразования**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

9-март 2022-ж. № 80

Кемин ш.
г.Кемин

**“ 2021-2022-окуу жылындагы жалпы билим берүүнүн программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө”**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-2022-окуу жылындагы жалпы билим берүүнүн программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө 2022-жылдын 3-мартындагы №03-2/351 буйругунун негизинде

**Буйрук кылам**:

1. 2021-2022-окуу жылы 2022-жылдын 8-июнунда аяктасын.
2. Жалпы билим берүү уюмдарынын 9-классынын бүтүрүүчүлөрү үчүн 11-июндан 22-июнга чейин 5 сабактан (төрт милдеттүү, бир тандоо) сынак өткөрүлсүн:
   -математикадан комплекстүү тест (жазуу түрүндө)- 11-июнь
   -эне тилинен дилбаяндын элементтери менен баяндама-14-июнь
   -орус тили (окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептерде) комплекстүү тест (жазуу түрүндө) -17-июнь
   -кыргыз тили (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде) комплекстүү тест (жазуу түрүндө)- 17-июнь
   -Кыргызстандын тарыхы (оозеки)- 20-июнь
   -окуучулардын тандоосу боюнча сынагы (мөөнөтүн билим берүү мекемеси тандайт)
   **Эскертүү:** тандоо предметтери:адабият, физика, химия,биология,география, чет тил,
3. 11-класстын бүтүрүүчүлөрү үчүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясы 11-июнунан 23-июнуна чейин 5 сабактан (төрт милдеттүү, бир тандоо) сынак өткөрүлсүн:
   -эне тили жана адабияты (эссе) -11-июнь
   -математикадан (алгебрадан) комплекстүү тест (жазуу түрүндө)- 14-июнь
   -Кыргызстандын тарыхы (оозеки) -17-июнь
   -кыргыз тили (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде) комплекстүү тест (жазуу түрүндө)- 20-июнь
   -орус тили окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептерде) комплекстүү тест (жазуу түрүндө) -20-июнь
   -окуучулардын тандоосу боюнча сабактан (мөөнөтүн билим берүү мекемеси тандайт)

**Эскертүү:**тандоопредметтери:адабият,физика,химия,биология,география.информатика